**Х.Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин 2022-2023-окуу жылынын 1 жарым жылдыгына карата жүргүзүлгөн тарбия иштери боюнча анализ**

Х.Жээнбаев мектеп –лицейинде 2022-2023-окуу жылынын 1 жарым жылдыгына карата тарбиялык иш-аракетте үч багытта болот.

-окуу процессинде;

-класстан тышкары билим берүү чөйрөсүндө;

-класстан тышкары иштер;

Тарбиялык иште багытталган максаттар адеп-ахлактуу,руханий баалуулуктарга умтулуу,өзүнүн турмуштук позициясын аныктай алган,окууда жана өз ишинде колдоно алган инсандык сапаттарды калыптандыруу.Өткөрүлгөн баардык иш–чаралар инсанга багытталган билим берүү жана тарбия берүү чөйрөсүн түзүү процесси. Бул иш–чаралар тарбия берүү максаттарына жетүү, коюлган милдеттерди аткарууга жана баардык билим берүү процессинин натыйжалуулугун жогорлатууга багытталган..

2022-2023-окуу жылынын милдеттери:

-лицейдин ар бир окуучусун окуу процессине тартуу;

-ар бир окуучу үчүн ийгиликкек жетүү кырдаалын түзүү,

-окуучунун өз алдынчалыгын,жоопкерчилигин,чыгырмачылыгын өркүндөтүү;

-окуутуда жана тарбиялоодо оң натыйжаларды сактап калуу үчүн мугалимдин кесиптик маданияттын жана педагогикалык чеберчилигинин деңгээлин жогорулатуу;

*Тарбия иштери боюнча коюлган максаттар жана милдеттердин негизинде билим* ордобузда он үч багыт менен иш алып барылат: адеп-ахлактык, жарандык, мекенчилдик, укуктук, жаратылышты сүйүү,сергек жашоо,ден соолукту чыңдоо,көп маданиятуулук,эстетикалык эмгек жана үй-бүлөлүк тарбия,укук бузуулардын алдын алуу,ата-энелер менен иштөө,класс жетекчилер менен иштөө,окуучулардын өзүн-өзү башкаруусун жакшыртуу;

Класс жетекчилер менен иштөө: ар бир класска класс жетекчилер убагында бекилди.

| | Класс | Класс жетекчилер |
|---|---|---|
| 1 | 0 | Байсынова К.К. |
| 2 | 0 | Дооронбек к З. |
| 3 | 1-а | Узакова Ж.К |
| 4 | 1-б | Токтобаева Д.А. |
| 5 | 1-г | Мукашова Г.О. |
| 6 | 1-д | Алиева С.Ф. |
| 7 | 1-е | Абакирова А.А |

| | | |
|---|---|---|
| 8 | 2-а | Абылгазиева А.А. |
| 9 | 2-б | Джумашева Н.Т. |
| 10 | 2-г | Тезекова К.К. |
| 11 | 2-д | Тымбасова М. |
| 12 | 3-а | Курманбекова Э.К. |
| 13 | 3-б | Асангазиева А. |
| 14 | 3-г | Мыктыбек кызы Н. |
| 15 | 3-д | Тумарова И.В. |
| 16 | 4-а | Муратбек к Б. |
| 17 | 4-б | Абдыманапова Ж.А. |
| 18 | 4-г | Жолочиева М.Ж. |
| 19 | 5-а | Бодонова К.К. |
| 20 | 5-б | Эсенгулова Э.Ч. |
| 21 | 5-г | Кундакпаева З.И. |
| 22 | 5-д | Наматалиева А.Н. |
| 23 | 6-а | Акунова А.И. |
| 24 | 6-б | Сыдыгалиева Ж.С. |
| 25 | 6-г | Абакирова Ж.А. |
| 26 | 6-д | Жантаева А.К. |
| 27 | 7-а | Матаева П.Т. |
| 28 | 7-б | Бусурманкулова А. |
| 29 | 7-г | Кермалиева Г.Т. |
| 30 | 7-д | Эркинбекова С.Э. |
| 31 | 8-а | Доолотбаева Г.К. |
| 32 | 8-б | Исмаилова Н.Ж. |
| 33 | 8-г | Тырготова А.Ж. |
| 34 | 9-а | Чымырова Ж. |
| 35 | 9-б | Каимбаева Г.К. |
| 36 | 9-г | Сулайманова Л.М. |
| 37 | 9-д | Акимбаева Ш.А. |
| 38 | 10-а | Исмаилова А.Б. |
| 39 | 10-б | Турусбекова А.К. |
| 40 | 10-г | Шабданова Н.Д. |
| 41 | 11-а | Котробаева Ж. |
| 42 | 11-б | Сулайманов Ж.М. |
| 43 | 11-г | Жузупова Р.К. |

2022-2023-окуу жылынын I жарым жылдыгынын класс жетекчилеринин ишинин негизги критерийлери:

-окуучунун инсандык калыптанышын, анын жөндөмдүүлүгүн ,кызыкчылыгын,өз алдынча калыптануусун аныктоо,байкоо жүргүзүү,изилдөө;

-ар бир окуучунун жеке өнүгүүсүнө байкоо жүргүзүү менен тиешелүү педагогикалык түзөөлөрдү ишке ашыруу;

-укукту,окуучулардын эркиндиктерин, ден соолугун сактоого жана билим процессиндеги коопсуздугун камсыздоо;

-класс коллективинин калыптануусуна жана өнүгүүсүнө байкоо жүргүзүү.

Тарбиялык иштин негизги формалары жана методдору болуп тематикалык класстык сааттар,жамааттык чыгармачылык иш–чаралар,сынактар,викториналар, массалык спорттук мелдештер,таанып билип оюндары,маектешүүлөр,экскурсиялар жана пикниктер саналат. Класстык жана жалпы окутуп-тарбиялоочу иш-чараларды даярдоодо жана өнүктүрүүдө класс жетекчилер санарип техникалык каражаттарын(карантин убагында),маалыматтык-коммуникациялык технологияларды кеңири пайдалануу. Окуу жылынын башталышында класстык сааттын темалары бөлүнүп берилди,тарбиялык иштердин багыттары аныкталды. Класс жетекчилер тарабынан ар бир окуучунун педагогика-психологиялык картасы түзүлдү. Тарбиялык журнал толтурулду. Класстардык социалдык паспортун толтурушту. Класс жетекчилеринин тарбия иштерин контролдоо иш–чараларга,класстык сааттарга,ата-энелер чогулуштарына катышуу,документтерди текшерүү жана талдоо аркылуу жүргүзүлөт. Класс жетекчилеринин тарбия иштерин контролдоо иш–чараларга,класстык сааттарга, ата-энелер чогулуштарына катышуу,документтерди текшерүү жана талдоо аркылуу жүргүзүлөт.

**2. Адеп-ахлактык тарбия**

Окуучулардын жүрүш-туруш маданиятын, боорукердигин, инсанды кадырлоо сапаттарын калыптандыруу максатында класстык сааттар өтүлдү. Мектеп жамаатынын жардамы менен "Кол сунабыз" акциясы болуп өттү. Акциянын жыйынтыгы менен 3-декабрь –ДМЧ балдарга белек даярдап,тартуулашты. "Карысы бардын-ырысы бар"деген аталышта мектептин ардагер мугалимдери конокко чакырылып,сый тамак жана концерт менен узатылды. "Тимурчулар" командасы кары –картаңдарга өз жардамдарын көрсөтүштү. Лицейдин өзүн-өзү башкаруу уюму лицей бүтүрүүчүлөрү менен бирдикте "Кокустан келген сүйүнүч" деген аталыштагы муктаж үй-бүлөлөргө жылуулук тартуулаган кайрымдуулук акциясын өткөрүштү. Мындан тышкары ,жогорку класстын окуучулары ар кандай ыктыярчылык иштерди алып барышты.

**3. Жарандык,мекенчилдик,укуктук тарбия**

Мекен алдындагы жоопкерчилигин,милдеттерин аткаруу түшүнүктөрүн,абийир,ар-намыс,инсандык сапаттарын калыптандыруу үчүн тематикалык класстык сааттар өткөрүлдү. Сентябрь айында "Мамлекеттик тил күнү" белгиленди. Салтанаттуу линейка болуп, "Келечекке кат" деген темада дилбаян конкурсу болуп өттү. Башталгыч класстарда "Кыргыз майрамы" чакан иш-чарасы болду. "Менин укугум" деген темада тарбиялык семинар өткөрүлүп,окуучулар укуктук жактан өз билимдерин кеңейтишти. 15-февраль

Афгандар күнүнө карата мектепте Афган жоокерлери менен жолугушуу болуп,концерттик программа менен коштолду. Мекенди коргоочулар күнүнө карата 9-10-11-класстар арасында "Мен- Мекенимдин коргоочусумун" деген темада аскердик жүрүш боюнча таймаш орун алды.

**4. Жаратылышты сүйүү,сергек жашоо, ден соолукту чыңдоо тарбиясы**

Айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасай билүүгө тарбиялоо,өз жеринин жаратылышын жана тарыхын терең окуутуу,окуучулардын жеке ден соолугун коргоо жана өмүрүнө аяр мамиле жасоо маданиятын калыптандыруу,сергек жашоо образын пропагандалоо максатында тарбиялык сааттар өтүлдү. Сентябрда "Эколог" кружогу уюштурулду. Мындан тышкары ,башталгыч класстарда "Эң жашыл класс", "Суу ичүүнүн пайдалары" конкурстары жарыяланып,ишке ашты. "Айлана-чөйрөнү тазалайбыз" акциясы ар бир ишембиде уюштурулуп турат. "Витамин күнү" жарыяланып, окуучулар өз колдору менен витаминдүү мөмө-жемиштерден даамдарды жасашты. Жогорку класстарда салттуу спорттук иш-чара болуп өттү. Лицейдин өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрү тарабынан шахмат, тогуз коргоол, стол тенниси ,кол күрөш, баскетбол оюндары боюнча мелдештер болуп өттү. "Менин айылым" акциясы уюштурулуп,айылдын тарыхын билүү менен көрүнүктүү адамдары менен жолугушуулар болуп өттү.

**5. Көп маданияттуулук тарбиясы**

Жалпы адамзаттык баалуулуктарды сыйлоого жана көп маданияттуу инсанды тарбиялоо максатында класстык сынактар өткөрүлдү. Орус тил, чет тил сабактары боюнча декадалар болуп өттү. "Акыл ордо" интеллектуалдык оюндары уюштурулду. "Мен сүйгөн жазуучу" "Майданда" аталышындагы темада сүрөт көргөзмөсү болуп өттү.

**6. Эстетикалык тарбия**

Окуучулардын чыгармачылыгын,чеберчилигин,табигый,шык жөндөмүн ойготуу менен көркөм эстетикалык маданий жөндөмүн өстүрүү үчүн бир топ иш-чаралар уюштурулду. Тематикалык класстык сааттар өткөрүлдү. "Тилим менин-жан дүйнөм" тил майрамына арналган үч айлык. "Гүл майрамы" класс кабинеттерди жашылдандыруу конкурсу болуп өттү. Күндөлүктөр ,окуу куралдар акциясы болуп өттү.

**7. Эмгек жана үй-бүлөлүк тарбия**

Үй-бүлөлүк баалуулуктарды таанып билүүгө тарбиялоо,эмгек көндүмдөрүн өнүктүрүү менен акыл жана кол эмгек маданиятын калыптандыруу,кесипке багыт берүү максатында тандалып алынган класстык сааттар өткөрүлдү. Бүтүрүүчү класстар үчүн кесиптик багыт

берүү семинарлары уюштурулду. Мектептин ички буйругуна ылайык 5-11-класска чейин ар бир класстын өзүнө тиешелүү микроучасткалары бар. Бул буйруктун негизинде ар бир класс ар жуманын ишемби күндөрүндө сабактан кийин өз микроучасткаларын тазалап кетишет.

**Ата-энелер менен иштөө**

-класстык жана жалпы мектептеги ата-энелер чогулуштары

-ачык эшик күндөрү

-консультация,баарлашуу

-жашоо шарттары менен таанышуу

-сурамжылоо жүргүзүү

-кесиптик багыт боюнча класстык саттардын өтүлүүсү.

Класс жетекчилер ата-энелер менен иштөөдө төмөндөгүдөй иштер жүргүзүлдү. Ар кандай маселелер боюнча директордун орун басары менен директордун жолугушуусунда класс жетекчилеринин отчёту.окуучулар менен жекече профилактикалык иш жүргүзүү үчүн ата-эне менен байланышуу,үй-бүлө менен иштөө,окуучулардын жүрүм-турумдагы терс көрүнүштөрдүн алдын алуу.

**Укук бузуулардын алдын алуу**

Лицейде окуучулардын тартибин,окуучулардын тартип бузуу себептерин анализдөө,окуучуга жардам көрсөтүү,таалим-тарбия берүү,жакшы жолго салуу максатында лицейде тартипкомитети иш алып барат. Мындан тышкары ,укук бузуулардын алдын алуу максатында айылдын өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясын аймактык инспектору менен тыгыз байланышта болуу. Инспектор жума сайын кабар алып,окуучулардын абалы боюнча маалымат алып турат. Ошону менен катар укук коргоо органдары тарабынан "Жөө жүргүнчүлөр тарабынан жол кыймылынын эрежелерин сактоо", "Кылмыштуулук-деген эмне"? деген жөө жүрүштөр өткөрүлдү. Мугалимдер ,класс жетекчилер тарабынан сабакка кирбеген окуучулар менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү,окуучулардын бош убактысын туура пайдалануу,өткөрүү боюнча вебинарлар орун алды.

**Өзүн-өзү башкаруу уюму**

Лицейде өзүн-өзү башкаруу уюму лицейдин билим-тарбия жана коомдук иштеринде чоң роль ойнойт. Жыл башында президент шайланып, окулдөрү бекитилди.

Президент 11-г класстын окуучусу Курманаев Усман

1. Билим министрлиги
2. Спорт министрлиги
3. Маданият министрлиги
4. Ички иштер министралиги
5. Социалдык иштер боюнча министрлиги
6. Тазалык министрлиги
7. Экология министрлиги

2022-2023-окуу жылында өзүн-өзү башкаруу органы бир топ алгылыктуу иштерди алып барууда. Айта кетсек, маданият министрлиги тарабынан 8-класстардын адаптацияланууcу боюнча "Кош келгиле,биздин лицейибизге" иш-чарасы, "Мугалимге таазим" мугалимдерге арналган чакан концерттик программасы мектеп аралык интеллектуалдык жана спорттук таймаштар орун алды.

Тазалык министрлиги тарабынан класста,мектептин айланасында тазалык күндөрү уюштурулду.,эртең менен,этюддан кийин текшерилип турду,жыйынтыгы чыгарылып турат.лицей окуучуларына "Түкүрбө" акциясы жарыяланды.

Билим министрлиги тарабынан жетишпеген окуучуларга кошумча сабактарды уютуруп,жардам берүү иш-аракеттери жүрдү. Окуу куралдарын,китептерди,мектеп мүлкүн сактоо айлыгы өткөрүлдү,китептерди жакшы сактаган окуучулар белгиленди.

Спорт министрлиги тарабынан шахмат,тогуз коргоол, кол күрөш, баскетбол,футбол таймаштар уюштурулду. Уюмдун мүчөлөрү кайрымдуулук иштерин уютурууда,окуучулардын тартибин көзөмөлдөөдө,ыктыярчылык иштерди алып барууда көптөгөн иштерди аткарышууда.

Тарбия завучу: Рысмендиев У.К.